# 2009-жылдын январь-сентябрь айларындагы акча-кредит саясаты жөнүндө отчет

Улуттук банк Башкармасынын
2009-жылдын 18-ноябрындагы
№46/3 токтому менен кабыл алынган

## Акча-кредит саясатындагы негизги тенденциялар

2009-жылга акча-кредит саясаты жөнүндө билдирүүдө аны жүргүзүүдөгү негизги милдет-инфляция арымын токтотуу жана узак мөөнөттүү келечекке туруктуу экономикалык өсүштүн негизги шарттарынын бири катары баанын жалпы деңгээлинин туруктуулугун колдоо белгиленген эле. 2009-жылга акча-кредит саясатынын сандык критерийи 15 пайызга жетпеген деңгээлде аныкталган эле. Улуттук банк Башкармасы тарабынан август айында акча-кредит саясатынын сандык критерийин 7,5 пайыздан ашпаган деңгээлге чейин кыскартуу жагына кайрадан кароо жөнүндө чечим кабыл алынган. Мындай чечим, инфляциялык басымды жеңилдетүү менен шарталып, бизнес чөйрөсүндө жана калайык-калктын жадымында Өкмөт менен Улуттук банктын кризиске каршы чаралары менен катар эле, экономикалык иштин жигерин арттырууга өбөлгө түзгөн адекваттуу күтүүлөрүн калыптандырууга багытталган.

Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин 2009-жылдын январь-сентябрь айлары үчүн маалыматтарына ылайык, республикада баанын жалпы деңгээлинин 1,7 пайызга төмөндөшү байкалып, ал эми инфляциянын жылдык арымы (2009-жылдын сентябрь айы 2008-жылдын сентябрь айына карата) 2,1 пайызды түзгөн.

Өтүп жаткан жылда инфляциялык басымдын жеңилдеши акча-кредит саясаты үчүн ыңгайлуу шарттарды түзгөн, бирок ошол эле учурда, экономиканын түшүп кетүүсүн, республикага чет өлкө валютасынын агылып киришинин кыскарышын жана улуттук валютанын алсызданышын шарттаган дүйнөлүк финансылык каатчылыктын, ошондой эле Өкмөттүн чыгашаларынын таасири менен татаалдашкан.

Жылдын экинчи жана үчүнчү чейрегинде байкалган бюджеттик чыгашалардын өсүш арымына байланыштуу, Улуттук банк жүгүртүүдөгү көлөмү июль айында 1,4 млрд. сомго (март айынын акырында – 0,9 млрд. сомго) жеткен, Улуттук банк ноталарын сунуштоону арттырган. Андан ары бюджеттик операциялардын активдүүлүгүнүн төмөндөшүнө жараша Улуттук банк, 2009-жылдын үчүнчү чейреги ичинде ноталарын сунуштоону кыскартып, сентябрь айынын акырына карата алардын жүгүртүүдөгү көлөмү 1,0 млрд. сомго жакын деңгээлге жеткен. Бүтүндөй алганда, 2009-жылдын январь-сентябрь айларында акча базасынын өсүшү 3,9 пайызды (2008-жылдын ушул эле мезгилинде – 10,7 пайызды) түзүү менен жылдын төртүнчү чейрегинин башталышынан бери (2009-жылдын 29-октябрына карата абал боюнча) акча базасы 2,9 пайызга көбөйгөн.

Жыл башынан тартып Улуттук банктын эсептик ченинин туруктуу төмөндөшү жүрүү менен отчеттук мезгилдин акырына карата ал 3,3 пайызга жеткен, бул жыл башындагы деңгээлден 11,9 п.п. төмөн. Эсептик чендин төмөндөшү инфляциялык басымдын алсыздануу тенденциясына ылайык келген.

Бүтүндөй алганда, 2009-жылдын январь-сентябрь айларында АКШ долларынын сомго карата эсептик номиналдык курсу 10,7 пайызга өсүү

менен сентябрь айынын акырына карата 1 АКШ долларына 43,63 сомду түзгөн.

Улуттук банктын 2009-жылдын январь-сентябрь айлары ичинде банктар аралык валюта тооруктарында АКШ долларын таза сатуу көлөмү 144,1 млн. АКШ долларын түзгөн (2008-жылдын ушул эле мезгилинде таза сатып алуу 84,4 млн. АКШ долларында катталган).

Бүтүндөй алганда, жылдын тогуз айы ичинде милдеттүү камдардын көлөмү 47,6 пайызга, 3,8 млрд. сомго чейин эң башкысы, депозиттердин агылып кирүүсүнөн улам көбөйгөн. Милдеттүү камдардын өсүшүнө ошондой эле, 1-июндан тартып милдеттүү камдык талаптарды эсептөөдө валюталык депозиттердин көлөмүн кайра эсептөө үчүн колдонулган АКШ долларынын курсун жогорулатуу да (1 АКШ долларына 36 сомдон 43 сомго чейин) таасирин тийгизген.

2009-жылдын үчүнчү чейрегинде Банктарды рефинансылоонун адистештирилген фонду (Фонд) өз ишин активдештирген. Июль жана сентябрь айларында анын уставында жана Банктарды кайра каржылоо саясатына өзгөртүүлөр киргизилип, ага ылайык Фонд банк секторун гана эмес, микрофинансы секторун да кредиттөө мүмкүнчүлүгүнө жетишкен. Мындан тышкары, Фонддун кредиттик ресурстарынын наркын аныктоо тартиби өзгөртүлүп, ага ылайык негиз катары Улуттук банктын эсептик чени эмес, Улуттук банктын Акча-кредиттик жөнгө салуу комитети тарабынан аныкталган жана ар айлык негизде бекитилген базалык чен кабыл алынган. Сентябрь айында Фонддун кредиттөө максаттары үчүн базалык чен 8,0 пайыз өлчөмүндө белгиленген.

Бүтүндөй алганда 2009-жылдын январь-сентябрь айларында экономикада 2008-жылдын ушул эле мезгилиндегиге салыштырганда, реалдуу экономикалык өсүш арымынын, дүйнөлүк финансылык жана экономикалык каатчылыктын, ошондой эле соода жагынан өнөктөштөрдөн болгон өлкөлөрдөгү рецессиянын кесепетинен 2,9 пайызга чейин басаңдаган.

Алдын ала маалыматтар боюнча 2009-жылдын январь-сентябрь айларында төлөм теңдеминин сальдосу 201,7 млн. АКШ доллар өлчөмүндө оң түптөлгөн (2008-жылдын январь-сентябрь айларында оң сальдо 103,8 млн. АКШ долларында катталган эле). Күндөлүк операциялар эсеби импорттун экспортко салыштырганда кыйла жогорку арымда кыскаруусунун натыйжасында, соода балансынын тартыштыгынын кыскаруусуна, ошондой эле Россия грантынын түшүсүүнө байланыштуу 51,0 млн. АКШ доллары өлчөмүндө оң калыптанган. Ал эми 2008-жылдын ушул эле мезгилинде күндөлүк операциялар эсебинин 444,5 млн. АКШ доллар өлчөмүндө тартыштыгы катталган эле. Күндөлүк трансферттердин оң балансы отчеттук мезгил ичинде 15,9 пайызга төмөндөө менен 924,0 млн. АКШ доллар өлчөмүндө калыптанган. Мында, Россия грантын эске албаганда, күндөлүк трансферттин төмөндөшү 29,6 пайызды түзгөн.

2009-жылдын январь-сентябрь айларынын жыйынтыгы боюнча коммерциялык банктардын активдери 26,2 пайызга, ал эми капиталы – 10,2 пайызга көбөйгөн. Иштеп жаткан коммерциялык банктардын 2009-жылдын сентябрь айынын акырына карата депозиттик базасы 35,7 млрд. сомду түзүү менен 20,7 пайызга көбөйгөн. Ошол эле учурда, иштеп жаткан коммерциялык банктардын отчеттук мезгил ичиндеги кредит портфели 1,6 пайызга кыскаруу менен 25,2 млрд. сомду түзгөн. Колдо болгон маалыматтарга ылайык, ата мекендик коммерциялык банктар дүйнөлүк финансылык-экономикалык системанын кризисинин андан-ары уланышы

учурунда туруктуулукту колдоп туруугa жетиштүү запаска ээ жана орун алып жаткан кризистин системалуу банктык кризиске алып келиши ыктымалдыгы анчалык таасирдүү эмес экендигин ишенимдүү белгилөөгө болот (банк тутумунун ликвиддүүлүгү ушул коэфициенттин 30 пайыздык талап кылынган маанисинин ордуна 80 пайыздан көбүрөөктү түзөт).

## Инфляция: жыйынтыктар жана тенденциялар

2009-жылдын үчүнчү чейреги ичинде республикада өсүштүн жалпы деңгээлинин басаңдоо тенденциясы сакталып турган, ал жылдын алгачкы эки чейреги үчүн да мүнөздүү болгон. Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин маалыматтарына ылайык, инфляциянын 12 айлык мааниси (2009-жылдын сентябрь айы 2008-жылдын сентябрь айына карата) 2,1 пайызды, ал эми өткөн жылдын ушул эле мезгилинде 25,9 пайызды түзгөн. Жыл башынан берки мезгил ичинде республикада баалардын жалпы деңгээлинин 1,7 пайызга төмөндөшү байкалган (2008-жылдын декабрь айына карата), ал эми 2008-жылдын тиешелүү мезгили ичинде анын 15,6 пайызга өсүшү катталган.

Дүйнөлүк рынокто импорттолуучу продукцияга баалардын төмөндөөсүнө жана ички жана тышкы суроо-талаптын алсызданышына таасирин тийгизген, азык-түлүк товарларынын жана энергия алып жүрүүчүлөрдүн андан ары төмөндөө жагына өзгөрүү менен туруктaшуусу, ошондой эле Улуттук банк тарабынан кабыл алынган инфляцияга каршы чаралар баалардын динамикасынын мындай түптөлүшүнүн себеби болгон.

**1-таблица. Кыргыз Республикасындагы керектөө бааларынын индекси**

| | 2009-ж сентябрь айы | | | 2009-ж январь-сентябрына карата |
|---|---|---|---|---|
| | 2008-ж. сентябрына | 2008-ж. декабрына | 2009-ж. августуна | 2008-ж январь-сентябрына карата |
| **Бардык товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр** | 102,1 | 98,3 | 100,2 | 109,1 |
| анын ичинде | | | | |
| Тамак-аш продуктулары жана алкоголсуз ичимдиктер | 94,6 | 90,9 | 99,5 | 104,0 |
| Алкогол ичимдиктери жана тамекилер | 106,8 | 104,4 | 100,5 | 108,1 |
| Азык-түлүктөн башка товарлар | 111,7 | 108,0 | 101,1 | 114,0 |
| Кызмат көрсөтүүлөр | 109,5 | 104,2 | 100,2 | 123,1 |

Керектөө бааларынын жалпы деңгээлинин төмөндөшүнө азык-түлүк товарларына баалардын динамикасы олуттуу таасирин тийгизген. Алсак, жылдык мааниде тамак-аш товарларына жана алкоголсуз ичимдиктерге баалардын төмөндөөсү (-5,4 пайызга) жүргөн, анын ичинде нан азыктары жана таруу 16,1 пайызга, май жана тоң майлар 18,9 пайызга, жемиштер жана жашылчалар 5,7 пайызга арзандаган.

Алкоголдук ичимдиктерге жана тамекиге баа жылдык мааниде 8,9 пайызга жана тиешелүүлүгүнө жараша 2,4 пайызга өскөн.

Баа индексинин өсүшү 2009-жылдын сентябрь айында азык-түлүктөн башка товарларга бир аз басаңдаганына карабастан, 2008-жылдын сентябрь айына карата 11,7 пайызды түзүү менен (2008-жылдын ушул эле мезгилинде 17,5 пайыз) жогору бойдон калуусун уланткан.

Акы төлөнүүчү кызмат көрсөтүүлөргө баалардын индекси жылдык мааниде 9,5 пайызга (2008-жылдын ушул эле мезгилинде 33,5 пайызга) өскөн.

## Акча-кредиттик көрсөткүчтөр динамикасы

2009-жылдын сентябрь айынын акырына карата акча базасы жыл башынан тартып 3,9 пайызга көбөйүү менен 36 510,6 млн. сомду (2008-жылдын ушул эле мезгилинде, көбөйүү 10,7 пайызды) түзгөн.

М0 банктардан тышкаркы акча жыл башынан тартып 0,2 пайызга көбөйүү менен 2009-жылдын сентябрь айынын акырына карата 29 448,8 млн. сомду түзгөн, 2008-жылдын ушул эле мезгилинде көбөйүү 9,7 пайыз чегинде катталган.

М2 акча массасы 2009-жылдын сентябрь айынын акырына карата 38 004,8 млн. сомду түзгөн жана жылдын баш жагындагыга салыштырганда, банктардан тышкаркы акчанын 0,2 пайызга көбөйүүсү шартында, улуттук валютадагы депозиттердин 3,0 пайызга төмөндөшүнүн эсебинен, 0,5 пайызга кыскарган.

Чет өлкө валютасындагы депозиттерди камтыган М2Х кеңири маанидеги акча массасынын көлөмү[1], отчеттук мезгилдин акырына карата 49 543,9 млн. сомду түзүү менен жыл башынан тартып 2,3 пайызга көбөйгөн.

Отчеттук мезгил ичинде М2Х кеңири мааниде колдонулуучу акча массасынын көлөмүнүн көбөйүүсү банктардан тышкаркы акчанын 0,2 пайызга көбөйүүсүнүн жана кеңири маанидеги акча массасына кирген депозиттердин жалпы көлөмүнүн[2] 5,4 пайызга, анын ичинде улуттук валютадагы депозиттердин 3,0 пайызга төмөндөшүнүн шартында, чет өлкө валютасындагы депозиттердин 12,6 пайызга артышынын таасири астында жүргөн.

Чет өлкө валютасында депозиттерди камтыган М2Х кеңири мааниде колдонулуучу акчанын айлануу ылдамдыгы отчеттук мезгилдин акырына карата 4,4тү түзгөн.

## Реалдуу сектор

2009-жылдын январь-сентябрь айларынын жыйынтыгы боюнча ИДПнын көлөмү 137 223,6 млн. сомду түзүү менен 2008-жылдын ушул эле мезгилиндегиге салыштырганда реалдуу алганда 2,9 пайызга көбөйгөн (2008-жылдын январь-сентябрь айларында реалдуу өсүш 5,9 пайызды түзгөн). «Кумтөр» алтын кенин иштетүү ишканаларын эске албаганда, ИДПнын реалдуу өсүшү 2008-жылдын январь-сентябрь айларындагы 4,9 пайызга салыштырганда 3,6 пайызды түзгөн.

Бүтүндөй алганда, өтүп жаткан жылдын баш жагынан тартып экономикада өткөн жылдагыга салыштырганда экономикалык өсүш арымынын олуттуу басаңдагандыгы байкалган.

---

[1] Банк тутумунун аналитикалык балансынын маалыматтары боюнча жеке адамдардын жана юридикалык жактардын депозиттерин ошондой эле, башка финансы-кредит мекемелеринин депозиттерин гана камтыйт, мында Өкмөттүн жана резидент эместердин депозиттери эске алынбайт.

[2] 2009-жылдын 1-январынан тартып, коммерциялык банктар өз алдынча эсептешүүлөр планына өткөндүгүнө байланыштуу, мурда коммерциялык эмес уюмдардын депозиттери катары чагылдырылган депозиттердин бөлүгү Социалдык фонддун депозиттери катары чагылдырылып калган, ал эми Социалдык фонддун депозиттери кеңири мааниде колдонулуучу М2Х акча массасынын негизинде эсептелинген депозиттик базанын курамына кирбейт.

### 2-таблица. Ишкердиктин айрым түрлөрүнүн январь-сентябрь айларындагы ИДПнын өсүшүнө /төмөндөшүнө кошкон салымы

| | 2008-ж. янв-сен. салыштырмалуу салмак | Салыштырмалуу салмак | 2009-ж. янв-сен. салыштырмалуу салмак | 2008-ж. янв-сен. өсүш арымы | 2009-ж. янв-сен. өсүш арымы | Өсүшкө салым | Дефлятор |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Айыл чарбасы, мергенчилик жана токойчулук | 28,7 | 29,3 | 25,8 | 1,5 | 5,0 | 1,4 | -9,3 |
| Тоо-кендерин казып алуу өнөр жайы | 0,4 | 0,4 | 0,5 | -3,1 | 3,2 | 0,0 | 21,7 |
| Кайра иштетүү өнөр жайы | 10,1 | 8,5 | 9,3 | 13,9 | -12,7 | -1,3 | 11,8 |
| Электр энергиясын, газды, сууну өндүрүү жана бөлүштүрүү | 2,3 | 2,1 | 2,5 | -3,0 | -8,2 | -0,2 | 25,4 |
| Курулуш | 2,6 | 3,3 | 3,5 | -21,2 | 30,3 | 0,8 | 9,9 |
| Соода жүргүзүү; автомобилдерди жана жеке пайдаланылуучу буюмдарды оңдоо | 17,7 | 17,9 | 18,5 | 7,4 | 4,3 | 0,8 | 6,1 |
| Мейманканалар жана ресторандар | 1,2 | 1,3 | 1,3 | 9,9 | 5,4 | 0,1 | 8,1 |
| Транспорт жана байланыш | 8,3 | 8,6 | 9,7 | 29,9 | 6,7 | 0,6 | 16,4 |
| Жана башкалар | 14,9 | 14,8 | 17,8 | 3,4 | 2,2 | 0,3 | 23,6 |
| Азык-түлүктөрдөн таза салыктар | 13,7 | 13,7 | 11,1 | 5,9 | 2,9 | 0,4 | -16,5 |
| **ИДП** | **100,0** | **100,0** | **100,0** | **5,9** | **2,9** | **2,9** | **3,1** |

* -УСКнын маалыматтары, Улуттук банктын эсептөөлөрү

Айыл чарбасында жогорку түшүмдүн алынышы ИДПнын өсүш арымынын артышына олуттуу салым кошкон. Кароого алынып жаткан мезгилде дүңүнөн алгандагы кошумча нарктын өсүшүнүн болжолу менен тең жарымы айыл чарбасы тарабынан камсыз кылынган. Ошону менен бирге эле, дүйнөлүк экономикадагы каатчылыктын кесепети Кыргызстандын экономикалык өсүшүнө да катуу таасирин тийгизген. 2009-жылдын баш жагынан тартып экономиканын өсүш арымынын басаңдоосу эң башкысы, өнөр жайыдында өндүрүштүн түшүп кетүүсү менен шартталган. Мында, алтын кенин казып алууга тиешеси жок ишканаларда, өнөр жай өндүрүшүнүн олуттуу төмөндөгөндүгү байкалган. Кайра иштетүү өнөр жайында жана электр энергиясын, газды, сууну өндүрүүү жана бөлүштүрүү тармагында өндүрүштүн олуттуу кыскаруусу өнөр жайында жалпы төмөндөөгө алып келген.

Инвестициялык ишкердиктин олуттуу өсүшүн экономикадагы алгылыктуу тенденция катары атоого болот. Отчеттук мезгил ичинде негизги капиталга инвестициялардын көлөмү 27,0 пайызга өскөн. Гидроэнергетика объектерине инвестициялардын көлөмүнүн олуттуу арттырылышы мына ушундай өсүштүн негизги себептеринин бири болуп саналат, негизги капиталга инвестициялардын жалпы көлөмүнүн түзүмүндө алардын үлүшү 11,1 пайызды ээлейт.

## Тышкы экономикалык сектор

2009-жылдын январь-сентябрь айларында күндөлүк операциялар эсеби 51,0 млн. АКШ доллар өлчөмүндө оң калыптанган (Улуттук банктын 251,3 млн. АКШ доллар өлчөмүндө кошумча баалоолорун эске алуу менен), ал эми 2008-жылдын ушул эле мезгилинде 444,5 млн. АКШ доллар өлчөмүндө тартыштык катталган эле.

Кыргыз Республикасынын соода балансынын сальдосу 861,4 млн. АКШ доллар өлчөмүндө терс чыккан (Улуттук банктын 661,1 млн. АКШ доллар өлчөмүндө кошумча баалоолорун эске алуу менен). Алдын ала алынган маалыматтар боюнча 2009-жылдын январь-сентябрь айларында кызмат көрсөтүүлөр балансынын сальдосу, 2008-жылдын ушул мезгилиндеги 116,3 млн. АКШ доллар көлөмүндөгү терс көрсөткүчкө салыштырганда 52,0 млн. АКШ доллар өлчөмүндө оң чыккан. Отчеттук мезгил ичинде кирешелер балансынын терс мааниси 36,6 пайызга төмөндөө менен 63,5 млн. АКШ доллар өлчөмүндө калыптанган, бул чет өлкөлүк тике

инвесторлордун Кыргыз Республикасындагы инвестициялык ишкердигинен кирешелердин кыскаруусу менен шартталган. Күндөлүк трансферттердин оң балансы оттеттук мезгил ичинде 15,9 пайызга төмөндөө менен 924,0 млн. АКШ доллар өлчөмүндө калыптанган (мында, Россия грантын эске албаганда, күндөлүк трансферттердин төмөндөшү 29,6 пайызды түзгөн).

2009-жылдын январь-сентябрь айларынын алдын ала алынган жыйынтыгы боюнча капитал менен операциялар жана финансылык операциялар эсеби 486,7 млн. АКШ доллар көлөмүндө оң сальдодо түптөлгөн, ал эми 2008-жылы тиешелүү көрсөткүч 47,5 млн. АКШ доллар көлөмүндө терс калыптанган. Финансы эсебинин сальдосу да 485,2 млн. АКШ доллар өлчөмүндө оң чыккан, 2008-жылы бул көрсөткүч 21,6 млн. АКШ долларында терс калыптанган эле.

Ошентип, кароого алынып жаткан мезгилдин жыйынтыгы боюнча төлөм теңдеминин сальдосу 201,7 млн. АКШ доллар өлчөмүндө оң калыптанган. Отчеттук мезгилдин акырына карата дүң эл аралык камдардын көлөмү 1 496,5 млн. АКШ долларын түзгөн, бул товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр импортунун 4,7 айын жабууга жетиштүү.

## Мамлекеттик финансы сектору

Финансы министрлигинин Борбордук Казыналыгынын маалыматтары боюнча 2009-жылдын январь-август айларында мамлекеттик бюджеттен алынган жалпы кирешелер жана расмий трансферттер 34 616,4 млн. сомду же ИДПга карата 30,3 пайызды түзгөн. Мында, өткөн жылдын тиешелүү мезгилиндегиге салыштырганда өсүш арым 2008-жылдагы 41,3 пайызга салыштырганда 21,2 пайызды түзүү менен эки эсеге кыскарган, бул бүтүндөй алганда өсүштүн орточо жылдын деңгээлинен төмөн.

Бюджеттин тартыштыгын төмөнкү деңгээлде токтотуп туруу чет өлкө уюмдарынан жана мамлекеттерден 6 431,6 млн. сом өлчөмүндө расмий трансферттердин түшүүсү менен шартталган, булар бюджеттик кирешелердин 20,6 пайызга өсүшүн камсыз кылган, ал эми салыктык жана салыктык эмес түшүүлөр бюджеттик кирешелердин 0,6 пайызга гана өсүшүн камсыз кыла алган (2008-жылдын январь-август айларында 40,4 пайыз).

Мамлекеттик бюджеттин операциялык ишке жалпы чыгашалары 2009-жылдын январь-август айларында 29 831,2 млн. сомду түзүү менен 32,5 пайызга же 7 321,6 млн. сомго көбөйгөн. Бюджеттиек чыгашалардын өсүшү эң башкысы «жана башка чыгашалар» категориясы боюнча чыгашалардын 4,5 эсеге жана «кызматкерлердин эмгегине төлөөлөр» категориясы боюнча чыгашалардын 29,1 пайызга көбөйүүсү менен шартталган, булардын ар бири бюджеттик чыгашалардын жалпы өсүшүнө 10,9 п.п. салым кошкон.

Отчеттук мезгил ичинде утурумдук чыгашалардын көбөйүүсүнөн тышкары, финансылык эмес активдерди сатып алуу боюнча операцияларга тиешелүү бюджеттик чегерүүлөрдүн өсүшү да катталган (өзүндө төмөнкү топтор боюнча операцияларды камтыган: негизги фондулар, запастар, жер жана башка өндүрүлбөгөн активдер), алар Өкмөттүн капиталдык чыгашаларын түшүндүрөт. Ушул операциялар боюнча акча каражаттарынын таза агылып чыгуусу 5 689,5 млн. сомду же ИДПга карата 5,0 пайызды түзгөн (2008-жылдын январь-август айларында 4 165,3 млн. сом 3,9 пайыз).

## Финансы сектору

### *Банк тутуму*

2009-жылдын 30-сентябрына карата абал боюнча 22 коммерциялык банк[3] иштеп турган.

2009-жылдын январь-сентябрь айларында банктар 1 144,3 млн. сом өлчөмүндө таза пайда алууга жетишкен. 2008-жылдын ушул эле мезгилинде 22 коммерциялык банк иш алып баруу менен алардын иш жыйынтыгы боюнча алынган пайда 1 316,9 млн. сомду түзгөн. 2009-жылдын январь-сентябрь айлары ичинде коммерциялык банктардын активдери 26,2 пайызга көбөйгөн, ал эми капиталы 10,2 пайызга өскөн.

2009-жылдын январь-сентябрь айларында иштеп жаткан коммерциялык банктардын депозиттик базасы 20,7 пайызга өсүү менен, бир мезгилдин акырына карата 35,7 млрд. сомду түзгөн. Алсак, жылдын январь-сентябрь айларында чет өлкө валютасындагы депозиттер 32,6 пайызга өсүү менен 22,6 млрд. сомго чейин жеткен (валюталык депозиттер түзүмүндө 90,6 пайызды ээлеген АКШ долларындагы депозиттердин өсүү номиналында 20,4 пайызды түзгөн), ал эми улуттук валютада 4,7 пайызга өсүп, сентябрь айынын акырына карата 13,1 млрд. сомго чейинки чекке жеткен.

Улуттук валютада жаңыдан кабыл алынган депозиттер боюнча пайыздык чен бир мезгил ичинде орточо алганда 2,6 пайызды түзүү менен 2008-жылдын январь-сентябрь айларындагыга салыштырганда 0,1 п.п. көбөйгөн. Чет өлкө валютасындагы жаңыдан кабыл алынган депозиттер боюнча орточо пайыздык чен бир мезгил ичинде 0,9 п.п. көтөрүлүү менен 1,6 пайызды түзгөн.

2009-жылдын январь-сентябрь айларында экономикалык жигердүүлүктүн басаңдашын жана тобокелдиктердин артышын мүнөздөгөн өлкөдө түптөлгөн экономикалык жагдай банктардын кредиттөө саясатын өтө абайлап жүргүзүүсүнө мажбур кылган, бул берилип жаткан кредиттер боюнча талаптарды кыйла катуулатуудан ошондой эле кредиттердин наркын жогорулатуудан көрүнгөн. Кароого алынып жаткан мезгил ичинде иштеп жактан коммерциялык банктардын кредит портфелинин кыскарышы катталган, банктардын кредиттик карызы 1,6 пайызга азаюу менен сентябрь айынын акырына карата 25,2 млрд. сомду түзгөн.

Улуттук валютада берилген кредиттер боюнча пайыздык чен мезгил ичинде орточо алганда 26,8 пайызды түзүү менен 2008-жылдын январь-сентябрь айларындагыга салыштырганда 1,0 п.п. жогорулаган. Чет өлкө валютасындагы кредиттер боюнча орточо салмактанып алынган чен, 2008-жылдын ушул эле мезгилиндегиге салыштырганда 1,4 п.п. жогорулоо менен 21,6 пайызды түзгөн.

### *Улуттук банктан лицензия алышкан банктык эмес финансы-кредит мекемелери*

Отчеттук мезгилдин акырына карата Кыргыз Республикасынын банктык эмес финансы-кредит мекемелер системасы 1 192 банктык эмес мекемеден турган:

- «Кыргыз Республикасында кредиттик союздарды колдоо жана өнүктүрүү боюнча финансы компаниясы» – 1;

---

[3] 2009-жылдын 31-май айынан тартып Кыргыз Республикасынын банк тутумуна «Акыл» КБ ААКсы кошулган, реабилитацияга байланыштуу анын лицензиясы кайрадан калыбына келтирилип 2009-жылдын 27-февраль айында берилген.

- «Кыргыз Республикасынын өнүктүрүү фонду» ЖЧКсы -1
- «Банктарды рефинансылоонун адистештирилген фонду» ЖЧКсы – 1
- Кредиттик союздар – 242;
- Микрокредиттик компаниялар – 210;
- Микрокредиттик агенттиктер – 124;
- Микрофинансылык компаниялар – 4;
- Ломбарддар – 231;
- Алмашуу бюролор – 378.

**3-таблица. Банктык эмес финансы-кредит мекемелеринин кредит портфели** *(млн. сом)*

| | 2007-ж. 31-декабрь айы | 2008-ж. 30-сентябрь айы | 2008-ж. 31-декабрь айы | 2009-ж. 30-сентябрь айы* |
|---|---|---|---|---|
| Банктык эмес финансы-кредит мекемелеринин кредит портфели** | 4 850,3 | 7 254,3 | 7 384,3 | 8 352,8 |

*Алдын ала берилген маалыматтарга ылайык.
**Маалыматтар Финансы компаниясын эске алуусуз келтирилген (анткени Финансы компаниясынын кредиттери кредиттик союздарга берилген).

***Жана башка финансы мекемелери***

2009-жылдын январь-сентябрь айларында үч фондулук биржанын соода аянттарында өткөрүлгөн тооруктардын жалпы көлөмү 2008-жылдын тиешелүү мезгилиндегиге салыштырганда 41,6 пайызга кыскаруу менен 3 464,7 млн. сомду түзгөн. Мында, тоорук көлөмүнүн төмөндөшү бардык соода аянттарында байкалган. “Кыргыз фондулук биржасы” ЖАКтын соода аянтында келишилген бүтүмдөрдүн көлөмү 42,6 пайызга, 2 123,1 млн. сомго чейин “Борбордук Азия фондулук биржасы” ЖАКтын 49,3 пайызга, 888,3 млн. сомго, ал эми “Кыргызстандын фондулук биржасы - БТС” ЖАКтын соода аянтындагы биржалык тооруктардын көлөмү 6,1 пайызга кыскаруу менен 453,3 млн. сомду түзгөн. Тооруктардын көлөмүнүн түзүмүндө бүтүмдөрдүн негизги көлөмү, мурдагыдай эле “КФБ” ЖАКка туура келген (61,3 пайыз), мында, 2009-жылдын январь-сентябрь айларында бүтүмдөрдүн негизги көлөмүнүн жалпы суумасы 1 951,0 млн. сомду түзгөн (56,3 пайыз) экинчилик рыногунда ишке ашырылган.

2009-жылдын сентябрь айынын акырында баалуу кагаздар рыногунда 5 акционердик инвестициялык фонд ошондой эле, сунушталган финансылык кызмат көрсөтүүлөрдүн үлүшү бир аз эле бойдон калган эки пайлык инвестициялык фонд иш алып барган: инвестициялык фондулардын активдери ИДПга карата 0,02 пайыз деңгээлинде калган (2008-жылдын жыйынтыгы боюнча).

2009-жылдын август айынын акырына карата Республиканын рыногунда камсыздандыруу ишин 19 камсыздандыруу компаниялары ишке ашырган, алардын ичинен экөөсү кайра камсыздандыруучу компаниядан, ал эми 7 резидент эместердин катышуусу менен иш алып барган компаниялардан болгон. Камсыздандыруу уюмдарынын чогуу алгандагы активдери 2009-жылдын сезиз айы ичинде 825,3 млн. сомду түзүү менен 2008-жылдын ушул

эле мезгилиндегиге салыштырганда эки эсеге көбөйгөн, ал эми өздүк капитал да эки эсеге көбөйүп 724,4 млн.сомду түзгөн.

Учурда Кыргыз Республикасынын эки мамлекеттик эмес пенсиялык фонду: «Кыргызстан» жана «Жаңы Азия» иш алып барууда (2009-жылдын 26-майында лицензия алгандыгынан улам, ишин али баштай элек). 2009-жылдын 1-сентябрына карата абал боюнча «Кыргызстан» мамлекеттик эмес пенсиялык фондусунун активдери 13,8 пайызга көбөйүү менен 17,0 млн. сомду түзгөн, ал эми өз эрки боюнча пенсиялык камсыздоого келишим түзүшкөн анын катышуучуларынын саны 2 333 адамга жеткен (алардын ичинен 486 адам пенсия алат), бул 2008-жылдын 1-сентябрына карата абал боюнча 437 адамга же 23,0 пайызга көп.